0159700010

Reçu CLT / CIH / ITH

Le 29 MARS 2019

N° 0211

**Кыргыз Республикасынын материалдык эмес маданий мурасынын элементтеринин Улуттук тизмеги**

| No. | Негизги аталышы | Катталган жылы | Элементтин классификациясы | Алып жүрүүчү/Коомчулук | Элементти өткөрүп берүү | Элементтин аныктамасы |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 15 | ‘Аркан тартмай’ | 2008 | V. УЛУТТУК ОЮНДАР | Жалпы коомчулук | Элемент жөнүндөгү билим жана өзгөчөлүктөрү негизинен табигый көрсөтүү аркылуу өткөрүлүп келген | ‘Аркан тартыш’, кыргыз элинин эң байыркы оюндарынын бири. Оюн тегиз жерде өткөрүлөт. Уландар, жигиттер күч сынышуу үчүн ойношот, оюнчулар эки жаатка бөлүнөт. Ар бир жаатка өзүнчө чек сызык чийилет. Ушул эки чек сызыктын тен ортосунадагы бир сызык чийилет. Оюнга катышуучуларга чек сызыктын эки жагына бирдей санда чыгышып, бирин бири белинен кучактап турушат. Эки жаатка бир гана 4-5 метр узундуктагы учу түйүлгөн аркан берилет. Оюнга катышуучу оюнчулардын күчү, жашы бирдей чамалуу болушу керек. Оюнга катышуучулар оюндун жүрүшүндө өздөрүнүн катарын бузбай, туш тарапка кыйшайбай түз туруп, аркан аркылуу атаандаштарын өз жагына тартуу керек. Кайсы тараптын алдындагы оюнчусу чек сызыктан өтүп кетсе ошол тарап утулат. Эгерде күч бирдей болуп, бирин бири чек сызыктан калыс белгилеген убакытта өткөрө алышпаса оюн тең чыгат. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 16 | 'Тогуз коргоол' | 2008 | V. УЛУТТУК ОЮНДАР | Тогуз Коргоол оюнчулардын коому жана жалпы коомчулук | Элемент жөнүндөгү билим жана өзгөчөлүктөрү негизинен табигый көрсөтүү аркылуу өткөрүлүп келген | Тогуз коргоол байыркы кыргыздын оюну. Башка элдерде да тогуз коргоолго окшош оюндар кездешет, алар манкала сымал оюндар деп аталат. Илгери оюн тактада эмес жерди оюп койгуп коргоолдор менен ойнолгон. Оюн ой жүгүртүүнү өнүктүрүп, сандарды тез кошуп, алып, бөлүп, көбөйткөндү үйрөткөн. Тогуз коргоол – оюн тактасынан жана таштан турат. Тактада 18 үй (коргоол салынган чуңкур) жана 2 эки казан бар. Тактанын эки жагында 9дан чуңкур бар (ар тарапта 9 коргоол салынган чуңкур). Оюн 4-5 саатка созулушу мүмкүн. Оюнду эки оюнчу ойноп, ар тараптагы тогуз үйлдө 9 дан коргоол болот. Оюнчунун казаны атаандашына жакын болот. Казан оюн башталганда бош болот, оюнчу утуп алган коргоолдорду чогултуу үчүн керек. |
| 17 | 'Салбуурун ' | 2008 | V. УЛУТТУК ОЮНДАР | 'Салбуурун' коому | Элемент жөнүндөгү билим жана өзгөчөлүктөрү негизинен табигый көрсөтүү аркылуу өткөрүлүп келген | Кыргыздар илгертеден бери жаратылышты аңчылык жана тиричилик аркылуу таанып келген. Муундан муунга өтүп келе жаткан салттык билимдин негизинде азыркы учурда да салттык аңчылык өнөрү жашап келет. Салттык аңчылык табиятка аяр мамиле жасоо менен табигый күчтөрдү урматтоого үндөйт. Салбуурун – бул узак убакытка аңчылыкка чыгуу салты. Салбуурунга мергенчилер жаа менен чыгып, жанына бүркүт менен тайганды алышкан. Азыркы учурдагы салбуурун - бул жаа атууну, бүркүт жана тайган менен аңчылык кылууну камтыган комлекстик оюндар. Заманбар салбуурун эрежелерине ылайык, бүркүтчүлөр эки сынакка катышышат. Биринчиси – чырга, экинчиси – үндөк. Үндөк сынагында бүркүттү 200 кадам аралыкта отургузуп коюп, калыстын белгисинен кийин бүркүтчү өзүнүн бүркүтүн туруп алып же ат үстүнөн чакырат. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | | Тайган жарыш – кыргыздын байыркы замандан бери багылып келе жаткан асыл ит тукуму. Тайгандар 350 метр аралыкка жарышышат. Тайгандарды түз чуркатыш үчүн алардын алдында атчан киши арканга түлкүнүн же коендун терисин байлап алып чаптырат. |

**Маданий мурастарды сактоо**

**жана өнүктүрүү башкармалыгынын башчысы** **Б. Белекова**

**<u>Extract</u>**
**from National Inventory of Intangible**
**Cultural Heritage elements of the Kyrgyz Republic**

| No. | Element Name | Year Designated | National Classification | Relevant Communities | Transmission Status | Brief Description |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 15 | 'Arkan tartmay' | 2008 | V. NATIONAL GAMES | Wide community of people | The specific features and knowledge concerning the element has been mainly transmitted in a natural way through demonstration | 'Arkan tartmay' (tug-of-war). The game is played by both women and men on flat area. 'Arkan tartmay' directly puts two teams against each other in a test of strength. All participants must be the same in strength and the age. The rope 'arkan' is the most important equipment and it should be at least 4-5m long. The objective of the game is to win by pulling the opposition towards the centre so that they pass the centre line, resulting in a win. |
| 16 | Games for the development of thinking, board games 'Toguz korgool' | 2008 | V. NATIONAL GAMES | Community of traditional games practitioners and wider community | The specific features and knowledge concerning the element has been mainly transmitted in a natural way through demonstration | 'Toguz korgool' is a logic table game. The purpose of a game is to collect as many korgools as possible. 'Korgools' mean treddles in Kyrgyz language. Pebbles similar to the form and size of treddles are used in the game. The essence of the game lies in development of thinking and analytical skills, whereas in the past, the game was directed to develop strategic thinking as each korgool symbolized one warrior. The game has 18 playing and 2 reservoir holes. Among the Turks, the number 9 (9 playing holes, each has 9 balls initially) considered to be a sacred number. The game may continue for 4-5 hours. In the course of the game, players have to use all four key mathematical operations. The game is built not only on the speed of calculation, but on the tactics as well. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 17 | The tradition of long-term group hunting 'Salbuurun' | 2008 | V. NATIONAL GAMES | Community of 'salbuurunchu' | The specific features and knowledge concerning the element has been mainly transmitted in a natural way through demonstration | 'Salbuurun' is a complex hunting game with golden eagles, 'taigan' dogs (the Kyrgyz breed of greyhounds) and bow. In the modern salbuurun, golden eagles participate in two exercises: 'chyrga' and 'ondok'. In the first exercise, each berkutchi (eagle master) lets his eagle flying towards moulage, which is entailed by a galloping rider. The eagle has to reach and grasp it. Here, time and speed of the golden eagle are estimated. The golden eagle is seated at a distance of 200 meters in 'ondok' exercise. At the judge's signal, the hunter holloes his eagle holding bait in his hands. Here, the arrival time of the eagle to his owner's hand is estimated. 'Taigan zharysh' is a race organized for the greyhounds. Dog's agility is determined by the speed of its run at a distance of 350 meters. Dogs chase the moulages that is entailed by the horse rider. 'Zhaa atuu' is shooting with a traditional bow (archery). |

**Head of the**
**Department of conservation, monitoring and development of the cultural heritage**
**Ministry of Culture, Information and Tourism of the Kyrgyz Republic**

**Baktygul Belekova**